**«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга жана 2028–2029-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максаттар жана милдеттер

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 12-беренесине ылайык «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга жана 2028–2029-жылдарга пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору даярдалды.

Бул Мыйзамдын долбоорунун милдети Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММК фонду) 2027-жылга бюджетинин негизги параметрлерин андан ары аткаруу үчүн бекитүү болуп эсептелет.

## 2. Баяндама бөлүгү

ММК фондунун Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 77-беренесинде каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу максатында бул Мыйзамдын долбоору менен ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча параметрлери жана 2028–2029-жылдарга болжолдуу параметрлери бекитилет.

2027-жылга карата ММК фондунун бюджетинин долбоору кирешелер боюнча 12 863 307,8 миң сом жана чыгышалар боюнча бирдей өлчөмдө 12 863 307,8 миң сом түзүлгөн. 2028-жылга болжолдуу көрсөткүчтөр 13 572 084,8 миң сомду, 2029-жылга болсо 14 246 195,3 миң сомду түзөт.

Республикалык бюджеттен которулган ассигнованиялар жана милдеттүү медициналык камсыздандырууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен которулган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттары 2027-жылга ММК фондунун бюджетин түзүүчү негизги булактар болуп эсептелет.

2027-жылга республикалык бюджеттен которулган ассигнованиялардын келип түшүүсү 2 057 870,4 миң сом көлөмүндө болжолдонууда.

2027-жылга милдеттүү медициналык камсыздандырууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен берилүүчү

камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарынын келип түшүүсү 8 399 303,4 миң сом өлчөмүндө болжолдонууда.

ММК фондунун 2027-жылга карата чыгашалары келип түшүүсү болжолдонгон ресурстардын чегинде 12 863 307,8 миң сом, 699 942,0 миң сом көлөмүндө камсыздандыруу запасын эске алуу менен болжолдонууда.

Саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б «Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө» буйругу менен бекитилген бюджеттик классификацияга ылайык «2216» бирдиктүү беренеси боюнча, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 493 токтому менен бекитилген жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы № 86 «Саламаттык сактоо тутумунун бюджетин түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө» токтомуна ылайык, төмөнкүлөрдү максаттуу каржылоо үчүн жүргүзүлөт:

– катталган калкка – ММК фонду менен келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык-санитардык жардам көрсөтүү боюнча;

– дарыланган учурларга – ММК фонду менен келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында стационардык шартта медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы № 299 «Калкты амбулатордук деңгээлде дарыкана уюмдары аркылуу жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу» токтому менен бекитилген Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун Кошумча программасы боюнча камсыздандырылган калктын категориясын дарыкана уюмдары аркылуу жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу жөнүндө жобонун негизинде, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду менен келишим боюнча иштеген республиканын дарыкана уюмдарында калк үчүн дары-дармек каражаттарын сатып алуу.

Ошентип, төлөмдөр камсыздандыруу учуру болгон учурда Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында милдеттүү медициналык камсыздандыруунун каражаттарынын эсебинен камсыздандырылган адамга медициналык жардам көрсөтүүнүн кепилдигин камсыз кылуучу уюштуруу чараларынын негизинде жүргүзүлөт.

Мындан тышкары, ММК фондунун бюджети төмөнкүлөрдөн түзүлөрүн эске алууга керек:

- республикалык бюджет;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары.

ММК фондунун бюджети “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун тиешелүү жылга бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилет жана кошумча киреше булактарына ээ эмес.

ММК фондунун бюджетинен каралган каражаттар жогоруда көрсөтүлгөн иш-чараларга багытталгандыгына байланыштуу соттун чечими боюнча төлөөгө каражаттар ММК фондунун бюджети жөнүндө мыйзамда каралбайт.

**3. Кабыл алынуучу ченемдик укуктук актыны колдонуудан улам келип чыгуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык натыйжалардын божомолу**

Бул мыйзамдын долбоору социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары тууралуу маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык бул мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоо боюнча бирдиктүү порталга http://koomtalkuu.gov.kg 2026-жылдын 3-августунда № 6522 идентификациялык номери менен жайгаштырылган.

Коомдук талкуунун жыйынтыгы боюнча сын-пикирлер жана сунуштар түшкөн жок.

**5. Ченемдик укуктук актынын долбоорунун мыйзамдарга ылайык келүүсүнүн талданышы**

Бул мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбейт. Мындан тышкары, бул мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан.

Мыйзамдын долбоорунда Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына карама-каршы келген ченемдер камтылган эмес.

Мыйзамдын долбоорун кабыл алуу ченемдик жана ченемдик эмес укуктук актыларды кабыл алууну же өзгөртүүнү талап кылбайт, ошондой эле уюштуруу иш-чараларын ишке ашыруу талап кылынбайт, анткени бул мыйзамдын долбоору ММК фондунун бюджетинин негизги параметрлерин аныктоого багытталган.

**6. Нормативдик укуктук акттын долбоору жергиликтүү коомчулуктардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын түздөн-түз камтыган учурда, тиешелүү ассоциациялар, бирикмелер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жүргүзүлгөн кеңешүүлөрдүн жана коомдук талкуулардын жыйынтыктары**

Мыйзамдын долбоору жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын камтыбайт, ошондуктан тиешелүү ассоциациялар, бирикмелер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кеңешүүлөрдүн жана талкуулардын өткөрүлүшү талап кылынбайт.

**7. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга жана 2028–2029-жылдарга пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 41-беренесине ылайык республикалык бюджеттен берилүүчү болжолдонгон ассигнованиялардан тышкары республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**8. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Мыйзамдын долбоору жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **Д.А. Осмонов**